| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 04-1-3 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинде
Протокол № 8
«24» 04 2024 г.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору
________ Чыныбаев М.К.
Буйрук № 1/182
«__» ______ 2024 г.

# И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН «КМТУ-ФПИ ЮБИЛЕЙЛИК МЕДАЛЫ» ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

БИШКЕК-2024

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАГЫ

| версия № | Өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген бөлүк/пункт же абзацтын № (беттерин көрсөтүү менен) | КМТУ Окум кеңешинин протокол №, датасы |
|---|---|---|
| 1 | | Прот.№8 24.04.2024 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин "КМТУ-ФПИ юбилейлик медалы" жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) "КМТУ-ФПИнин юбилейлик медалы" менен сыйлоонун тартибин жана талаптарын аныктайт.

1.2. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары – И.Раззаков атындагы КМТУ) "КМТУ-ФПИ юбилейлик медалы" университеттин жана анын структуралык бөлүмдөрүнө илимий жана илимий чөйрөнү өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөндүгү, окуу процессин, КМТУ менен ишканалардын ортосунда өз ара пайдалуу байланыштарды жана эл аралык байланыштарды орнотууга, ошондой эле КМТУнун окуу, илимий жана билим берүү ишмердүүлүгүн каржылоонун кошумча булактарын тартууга, материалдык-техникалык базасын модернизациялоого жана өнүктүрүүгө жигердүү көмөк көрсөткөндүгү үчүн ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн сыйлоонун бир түрү болуп саналат.

«КМТУ-ФПИнин юбилейлик медалы» (мындан ары - Медаль) менен И.Раззаков атындагы КМТУга эмгеги сиңген Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар, эл аралык жана коомдук уюмдар сыйланат.

1.3. Медаль КМТУ тарабынан уюштурулуп түзүлөт, сунуштама жана сыйлоо жөнүндө чечим Окумуштуулар кеңешинин жыйынында бекитилет.

## 2. Медаль менен сыйлоо демилгесинин тартиби

2.1. Медаль менен сыйлоого арыз университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү, университет менен кызматташкан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын коллективдери, кесиптик бирлик комитети, бүтүрүүчүлөр иштеген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан демилгеленип, КМТУнун администрациясына жиберилет.

2.2 Түзүмдүк бөлүмдөр, ишканалар жана уюмдар сыйлоо жөнүндө арызды коллегиялуу карап, сыйлык ыйгаруунун күтүлгөн күнүнө чейин бир айдан кечиктирбестен ректоратка сыйлык берүү жөнүндө сунуш киргизет.

Сыйлык тапшыруу сунушун берүү майрамдык даталарга дал келүүгө тийиш: Кыргыз Республикасынын Конституциясынын күнү (5-май), Университет жана мугалимдер күнүнө карата (сентябрь-октябрь), Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнү (31-август) жана жылдын аягында (31-декабрь).

2.3 Медаль менен сыйлоо маселесин кароо үчүн ректоратка келип түшкөн документтер КМТУнун Сыйлык комиссиясы тарабынан каралат, алар:

- талапкерлердин ушул Регламенттин 3.1-пунктунда көрсөтүлгөн тизмеге ылайык келишин аныктайт;
- талапкерлердин 3.2-пунктта көрсөтүлгөн милдеттүү критерийлерге ылайык келишин аныктайт.

2.4. Медаль менен сыйлоо жөнүндө маселени кароо үчүн берилген документтер ушул Жобонун пунктунда көрсөтүлгөн тизмеге жана көрсөтүлгөн милдеттүү критерийлерге ылайык келсе, талапкерлердин тизмеси ушул Жобонун пунктунда болжолдонгон сыйлоо күнүнө чейин (тиешелүү кесиптик майрам, эскерүү күнү жана сыйлоо үчүн башка окуялар) 15 күндөн кечиктирилбестен ***жогоруда көрсөтүлгөн документтерди КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин кароосуна берет.***

## 3. Медаль менен сыйлоого талапкерлерге коюлуучу талаптар

3.1. Медаль менен сыйлоо маселесин кароо үчүн документтердин тизмеси төмөнкүлөрдү камтыйт:

- университет менен кызматташкан түзүмдүк бөлүмдөрдүн, кесиптик бирлик комитеттеринин, ишканалардын жана уюмдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коллективдеринин сыйлоо жөнүндө өтүнүчү.
- кесиптик же практикалык иштин жетишилген натыйжаларына баа берүү менен, эмгек ишмердүүлүгү жөнүндө, колдонуудагы мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктар жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен, төмөндөгү документтерди милдеттүү түрдө тиркөө менен сыйлыкка көрсөтүү:
  - ✓ чогулуштун протоколдору, сыйлыкка көрсөтүү жөнүндө коллегиалдуу органдардын чечимдери (коллегиалдуу орган жок болгон учурда - жетекчинин чечими);

- ✓ ушул Жобонун тиркемесине ылайык атайын формадагы сыйлык баракчасы (тиркеме 1);
- ✓ паспорттун жана эмгек китепчесинин көчүрмөсү (иштеген жери боюнча кадрлар бөлүмү тарабынан же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн);

3.2. ***КМТУнун бүтүрүүчү талапкерлери сыйлык алуу үчүн төмөнкү милдеттүү критерийлерге жооп бериши керек:***

- И.Раззаков атындагы КМТУда 15 жылдан кем эмес, мамлекеттик же муниципалдык кызматта жана мамлекеттик же муниципалдык мекемелерде, ишканаларда бардыгы болуп 10 жылдан кем эмес эмгек стажынын болушу;
- мекемелердин, уюмдардын же ишканалардын кызматкерлерине, жарандык коомдун жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнө тиешелүү тармактагы жалпы иш стажы - 12 жылдан кем эмес;

3.3. И.Раззаков атындагы КМТУнун ректорунун чечими менен Кыргыз Республикасы үчүн тиешелүү кесиптик чөйрөдө жогорку жана олуттуу жетишкендиктери үчүн өзгөчө жагдай катары талапкерге ушул Жобонун, 3.2-пунктта көрсөтүлгөн критерийлерге сактабастан медаль ыйгарылышы мүмкүн.

## 4. Медаль менен сыйлоо жөнүндө арыздарды кароонун тартиби

4.1. Ушул Жобонун 3.1-пунктунда көрсөтүлгөн документтер университеттеги сыйлоо комиссиясы (мындан ары - Комиссия) тарабынан каралат. Комиссиянын курамы Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде КМТУнун ректору тарабынан бекитилет.

4.2.Комиссия структуралык бөлүмдөрдөн, ишканалардан жана уюмдардан ошондой эле региондордон сунушталган талапкерлердин жалпы санын эске алып, медаль менен сыйлоого көрсөтүлгөн талапкерлерге квоталарды белгилей алат.

4.3. Сыйлоо комиссиясынын иши "Сыйлоо комиссиясы жөнүндө" Жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

4.4. Эгерде Комиссия сыйлык берүү боюнча материалдарды кароонун жыйынтыгы боюнча оң чечим кабыл алса, комиссия сунушту Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизет.

## 5. Медалды тапшыруу

5.1. Медаль, күбөлүк университеттин ректору тарабынан жалпы чогулуштарда, майрамдык иш-чараларда жана университеттин жамааты менен жолугушууларында салтанаттуу кырдаалда тапшырылат.

5.2. Медаль менен сыйлангандыгы жөнүндө маалымат эмгек китепчесине иштеген жери боюнча адам ресурстар башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт.

5.3.Медаль менен сыйлангандарды эсепке алуу жана каттоо И.Раззаков атындагы КМТУнун Адам ресурстар башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УЮБ башчысы [подпись] А.Ж.Исраилов

Тиркеме 1

## СЫЙЛЫК БАРАКЧАСЫ
### И.Раззаков атындагы КМТУ-ФПИ юбилейдик медалына

1. Фамилиясы, аты, атасынын аты ______________________________
2. Кызматы, иштеген жери

______________________________
(уюмдун, мекеменин аталышы)

3. Жынысы ____________ 4. Туулган датасы ______________________
(күн ай жылы)

5. Туулган жери

______________________________

______________________________
(облус, шаар, район, айыл)

6. Билими ______________________________

______________________________
(билим боюнча адистиги, окуу жайынын аталышы, окууну аяктаган жылы)

7. Окумуштуу даражасы, илимий наамы ______________________
8. Кандай мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктар менен сыйланган жана даталары сыйлыктары ______________________________

______________________________

9. Үй дареги ______________________________
10. Жалпы иш стажы ____________ Тармактагы иш стажы ______________
Бул тармактагы иш тажрыйбасы ______________________________
11. Эмгек ишмердүүлүгү (анын ичинде жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында окуу окуу жайлары, аскердик кызматы) ______________

| Жыл, айы | | Иштеген жери, кызматы | Уюмдун жайгашкан жери |
|---|---|---|---|
| Жумушка киргени | Жумуштан чыкканы | | |
| | | | |

1-11-пункттарда көрсөтүлгөн : паспорттогу, эмгек китепчесиндеги, билими жана квалификациясы жөнүндө маалыматтар туура.

______________ ______________________
(АРБ башчысы) (колу) (толук аты-жөнү)

М.О.

12. Сыйлыкка көрсөтүлгөн адамдын өзгөчө сиңирген эмгегин көрсөткөн мүнөздөмө
Талапкер ______________________________
(аты-жөнү)

сунушталган ______________________________
(бөлүмдүн аты)

______________________________
(талкуулоо датасы, протокол №)

Жетекчиси: Уюмдун башчысы:

______________________ ______________________
(колу) (колу)

М.О.
"___" ______________________ 20__